УДК 004.415

# ИШКАНАНЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУ ҮЧҮН МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ

**Жанакунова[1] М.О., Абдипатта[2] у Э.**
[1]К. Карасаев ат. БМУ, [2]И. Раззаков ат. КМТУ.

Макалада ишкананын натыйжалуулугун жогорулатууда маалыматтык технологияларды колдонуунун мааниси каралган. Заманбап санариптик экономика шартында маалыматтык системаларды жана веб-технологияларды колдонуу ишканалардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатып, башкаруу процесстерин оптималдаштырууга мүмкүнчүлүк түзөт.

***Баштапкы сөздөр*:** маалыматтык технологиялар, ишкана, веб-сайт, CRM, ERP, автоматташтыруу, натыйжалуулук.

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ ДЛЯ ПОВЫШЕНИЯ ЭФФЕКТИВНОСТИ ПРЕДПРИЯТИЯ

**Жанакунова[1] М.О., Абдипатта[2] у Э.**
[1]БГУ им. К. Карасаева, [2]КГТУ им. И. Раззакова.

В статье рассматривается важность использования информационных технологий для повышения эффективности предприятия. В условиях современной цифровой экономики использование информационных систем и веб-технологий повышает конкурентоспособность предприятий и позволяет оптимизировать процессы управления.

***Ключевые слова*:** информационные технологии, предприятие, веб-сайт, CRM, ERP, автоматизация, эффективность.

# USING INFORMATION TECHNOLOGY TO INCREASE ENTERPRISE EFFICIENCY

**Zhanakunova[1] M.O., Abdipatta[2] u E.**
[1]BSU named after K. Karasaev, [2]KSTU named after I. Razzakov.

This article examines the importance of using information technology to improve enterprise efficiency. In today's digital economy, the use of information systems and web technologies enhances enterprise competitiveness and optimizes management processes.

**Keywords:** information technology, enterprise, website, CRM, ERP, automation, efficiency.

Азыркы учурда маалыматтык технологиялар экономиканын бардык тармактарында кеңири колдонулуп, ишканалардын өнүгүүсүнүн негизги факторлорунун бири болуп калды. Санариптик технологиялар маалыматтарды иштетүүнү тездетип, бизнес-процесстерди автоматташтырууга жана башкаруунун сапатын жогорулатууга жардам берет. Натыйжада ишканалар чыгымдарды кыскартып, рынокто атаандаштык артыкчылыкка ээ болушат.

**Изилдөөнүн максаты** – ишкананын натыйжалуулугун жогорулатууда маалыматтык технологиялардын ролун аныктоо жана аларды колдонуу аркылуу бизнес-процесстерди өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн негиздөө.

Ишкананын натыйжалуулугу ресурстарды рационалдуу пайдалануу аркылуу максималдуу экономикалык жана социалдык натыйжаларга жетишүү деңгээлин билдирет. Натыйжалуулук экономикалык, социалдык, уюштуруучулук жана технологиялык аспектилер аркылуу бааланат.

Санариптик экономика шартында маалыматтык технологиялар ишкананын өндүрүштүк жана башкаруучулук процесстеринин ажырагыс бөлүгүнө айланган. Алар маалыматтарды ыкчам иштетүүгө, маркетингдик анализ жүргүзүүгө жана кардарлар менен байланыштын сапатын жакшыртууга мүмкүндүк берет.

Веб-сайт бүгүнкү күндө ишкананын негизги маалыматтык жана маркетингдик куралы болуп эсептелет. Онлайн дүкөн үчүн веб-сайт товарларды сатуу, кардарлар менен байланыш түзүү жана жаңы рыноктorго чыгуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Веб-сайттын негизги артыкчылыктары төмөнкүлөр болуп саналат:

1) Суткасына 24 саат иштөө мүмкүнчүлүгү;

2) Географиялык чектөөлөрдүн жоюлушу;
3) Кардарлардын санын көбөйтүү;
4) Маркетингдик чыгымдарды азайтуу;
5) Аналитикалык маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгү.

Мындан тышкары веб-сайт кардарлардын жүрүм-турумун талдоого жана алардын муктаждыктарын так аныктоого шарт түзөт. Бул маркетингдик чечимдердин натыйжалуулугун жогорулатат.

Маалыматтык технологиялар бизнес-процесстерди автоматташтыруунун негизги каражаты болуп саналат. Веб-сайттарды CRM жана ERP системалары менен интеграциялоо аркылуу төмөнкү мүмкүнчүлүктөр камсыздалат:

1) Кардарлардын маалыматтарын башкаруу;
2) Заказдарды автоматтык кабыл алуу;
3) Кампалык эсепти жүргүзүү;
4) Финансылык отчетторду түзүү;
5) Аналитикалык маалыматтарды алуу.

Автоматташтыруу адам факторунун таасирин азайтып, иштин ылдамдыгын жана сапатын жогорулатат.

Төмөндө ушул инструменттерди колдонуп Кыргыз Республикасында иштеген “Бай Элим” компаниясы үчүн анын натыйжалуулугун жогорулаткан программа иштелип чыкты.

**«Бай Элим Компани» ЖЧКсынын жалпы мүнөздөмөсү:**

Компания 2002-жылы чакан үй-бүлөлүк ишкана катары негизделген. Алгач кант-рафинад "Ак-Кант" өндүрүү менен ишин баштаган. Бүгүнкү күндө "Бай Элим" – көп тармактуу агрохолдинг болуп, төмөнкү багыттарда иш алып барат:


1) Айыл чарба өндүрүшү;
2) Кайра иштетүү жана азык-түлүк өндүрүү;
3) Дистрибуция;
4) Эл аралык логистика;
5) Инновация жана окутуу.

Негиздөөчүсү: Рысгуль Акимжанова. Миссия: Жогорку сапаттагы азык-түлүк өндүрүү аркылуу ден соолукка жана айлана-чөйрөгө кам көрүү. Ураан: «Дени сак азык — дени сак улут — дени сак планета.»

**Холдингдин түзүмү:**


1) Бай Элим Agro – айыл чарба өндүрүшү;
2) Бай Элим Company – кайра иштетүү жана өндүрүш;
3) Бай Элим Distribution – товарларды таратуу;
4) Бай Элим Logistics – эл аралык ташуу;

5) Бай Элим Innovation – инновация жана окутуу.





Сүрөт 1 – Башкы панель

Сүрөт 1 – “Бай Элим” Компани ЖЧКсынын натыйжалуулугун жогорулатууга жасалган программанын “Башкы панель” бөлүмү көрсөтүлгөн, бул бөлүм программа киргендеги жалпы көрүнүшү.





Сүрөт 2 – Өнүмдөр

Сүрөт 2 – “Бай Элим” Компани ЖЧКсынын натыйжалуулугун жогорулатууга жасалган программанын “Өнүмдөр” бөлүмү көрсөтүлгөн, бул бөлүмдө кайсы өнүмдөр өндүрүлөт жана кайсы мамлекеттерге өндүрүлөт баары көрсөтүлгөн.





Сүрөт 3 – Максаттар

Сүрөт 3 – “Бай Элим” Компани ЖЧКсынын натыйжалуулугун жогорулатууга жасалган программанын “Key Performance Indicator (KPI), Максаттар” бөлүмү көрсөтүлгөн, бул бөлүмдө коюлган максат канчалык деңгээлде аткарылганын өлчөйт.




Сүрөт 4 – Тапшырмалар

Сүрөт 4 – “Бай Элим” Компани ЖЧКсынын натыйжалуулугун жогорулатууга жасалган программанын “Тапшырмалар” бөлүмү көрсөтүлгөн, бул бөлүмдө коюлган тапшырмалардын аткарылгандарын, аткарылып жаткандарын жана күтүүдө турган тапшырмаларды көрсөтөт.



Сүрөт 5 – Кеңешчи

Сүрөт 5 – “Бай Элим” Компани ЖЧКсынын натыйжалуулугун жогорулатууга жасалган программанын “AI Кеңешчи» бөлүмү көрсөтүлгөн, бул бөлүмдө кеңешчи бизге жардам берет.




Сүрөт 6 – Байланыш

Сүрөт 6 – “Бай Элим” Компани ЖЧКсынын натыйжалуулугун жогорулатууга жасалган программанын “Байланыш» бөлүмү көрсөтүлгөн, бул бөлүмдө бизге байланышуу жолдору каралган.

Жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, маалыматтык технологияларды колдонуу төмөнкү натыйжаларды берет:

1) Эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулайт.
2) Убакыт чыгымдары азаят.
3) Эсеп жүргүзүүдөгү каталар кыскарат.
4) Кардарларды тейлөө сапаты жакшырат.
5) Башкаруучулук чечимдердин сапаты жогорулайт.
6) Ишкананын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү өсөт.

Маалыматтык технологияларды колдонуу ишкананын натыйжалуулугун жогорулатуунун маанилүү фактору болуп саналат. Веб-сайттарды, CRM жана ERP системаларын колдонуу бизнес-процесстерди автоматташтырууга, чыгымдарды кыскартууга жана башкаруу сапатын жакшыртууга өбөлгө түзөт. Ошондуктан заманбап ишканалар үчүн санариптик технологияларды киргизүү стратегиялык мааниге ээ.

## АДАБИЯТТАР


1. Абдипатта уулу Э. Ишкананын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу: магистрдик диссертация. – Бишкек, 2026. – 96 б.
2. Майкл Портер Конкурентное преимущество: как достичь высокого результата и обеспечить его устойчивость / М. Портер; пер. с англ. – Москва: Альпина Паблишер, 2021. – 715 с.
3. Бай Элим Компани ЖЧК. Компания жөнүндө маалымат: расмий сайт. – Бишкек, 2026. – Кирүү режими: https://baielim.kg (кайрылган күнү: 15.02.2026).